И.АРАБАЕВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К. КАРАСАЕВ атындагы
БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 10.22.644 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунда
УДК: 821.581:82-3(575.2)(043.3)

МАМБЕТАЛИЕВА САТКЫН ЧОЛПОНКУЛОВНА

КЫТАЙ ЖОМОКТОРУН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУУДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандитаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2022

Диссертация К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: филология илимдеринин доктору, профессор **Караева Зина Караевна,** филология илимдеринин доктору, профессор, «Кыргызстан эл аралык университети» окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин филология кафедрасынын башчысы

Расмий оппоненттер:_____
_____

Жетектөөчү мекеме: _____

Диссертациялык иш 2022-жылдын _____ саат _____ И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.22.644 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, И. Раззаков көч., 51А. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc1.vak.kg/b/102-tnx-0sb-9mu

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720040, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51А) жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин (720040, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27) китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин сайтынан (www.arabaev.kg) таанышууга болот.

Автореферат «__» _____ жөнөтүлдү.

Д 10.22.644 диссертациялык кеңешинин
окумуштуу катчысы, ф.и.к., доцент Каратаева С.К.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Изилдөөнүн актуалдуулугу. 2022-жылы Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгы болуп өттү. Кытай Республикасы — башка өлкөлөр менен болгон экономикалык, саясий жана маданий байланыштарды ар тараптан колдогон мамлекет. Ошол себептен кытай тилин үйрөнүү азыркы учурдун башкы талабы болуп калды. Тилди окуп-үйрөнүү процессинде үйрөнүп жаткан тилдин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн гана эмес, маданий өзгөчөлүктөрүн, тарыхын кароо — башкы талаптардын бири. Мындай жагдайда биздин изилдөөбүздүн темасына ылайык фольклордук жана адабий салттардын данакерлешинен жаралган жанр — жомокторду изилдеп билүү биз үчүн абдан зарылдыкты түздү. Ансыз аталган тилдердин табиятын, түпкү өзгөчөлүктөрүн, жомоктор аркылуу көрсөтүлгөн улуттун маданиятын, тарыхын толук таанып билүү, терең окуп-үйрөнүү мүмкүн эмес.

Коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында эл аралык мамилелер жана экономика, илим жана маданият чөйрөсүндөгү кызматташтык кеңейүүдө. Аны менен бирге котормонун маданияттагы, коомдук өнүгүштөгү ролу жана анын сапатына болгон талап кыйла жогорулады. Котормо ар башка тилдерди, ар башка маданияттарды ар тараптуу жакындаштырууда чоң маниге ээ. Тили башка элдерди байланыштыруу максатындагы социалдык кызматты аткаруу менен, котормо элдин маданиятынын жана адабиятынын өнүгүшүнө, ар тараптуу карым-катнаштын өнүгүшүнө шарт түзөт. Ал эми жомок — фольклордогу информациялык мазмуну, жанрлардын эстетикалык жана тарбиялык таасиринин күчү жагынан эң кызыктуу чыгарма.

Жомоктордо элдин дүйнө таанымы, турмуш-тиричилиги, табигый шарттары, үрп-адаттары чагылдырылат. Сыйкырдуу образдардын, элементтердин идеясы адамдарды адепке, ыйманга үндөп, ата-бабалардын басып өткөн тажрыйбасын урпактарга өткөрүп берүү максатын көздөйт. Ар бир элдин жомоктору улуттук каада-салттарга, ишенимдерге жана үрп-адаттарга туура келген элементтер менен негизделет. Ошондуктан жомоктордун адамдын дүйнө таануусуна болгон эстетикалык жана дидактикалык баалуулугу бийик. Бир тилден экинчи бир тилге жомокторду которуу аркылуу башка элдин тилдик жана дүйнө таанымдык өзгөчөлүгүн таанууга болот. Анткени жомоктор аркылуу берилген улуттун маданияты өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар, адамдагы, материалдык, руханий ишмердүүлүктүн, социалдык-тарыхый, эстетикалык, моралдык нормалардын, баалуулуктардын натыйжасы болуп саналат. Мына ушуга байланыштуу бул илимий иште кытай эл жомокторунун кыргыз тилине которулушу жана андагы тилдик каражаттар, эки элдин дүйнө таанымынын чагылдырылышын талдоого арналгандыгы менен актуалдуу.

Кытай тилиндеги жомоктордун кыргыз тилине которуу жолдору биринчи жолу илимий жактан иликтөөгө алынып жаткандыгы иштин актуалдуулугун айгинелейт.

Диссертациялык иштин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышы. Изилдөө иши К.Карасаев атындагы БМУнун кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын негизги илимий-методикалык изилдөө иштери менен байланышкан.

Изилдөөнүн максаты - кыргыз жана кытай жомокторунун өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө жомоктордун кыргыз тилине которуудагы лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулуктарын табуу менен алардагы семантикалык структурасын берген сөздөрдүн которулушун аныктоо.

Изилдөөнүн максаты **төмөнкүдөй милдеттерди** чечүүнү талап кылды:

- жалпы тил илиминде, кыргыз жана кытай тилдеринде жомокторду которуунун илимий-теориялык, методологиялык, методикалык жактан иликтөө;
- кытай жомокторун кыргыз тилине которууда улуттук өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп берүү;
- кытай тил илиминде жомокторду изилдөө иштеринин өнүгүү этаптарын, табиятын, өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
-кыргыз жана кытай жомокторуна тиешелүү болгон тилдик каражаттарды түрдүү деңгээлде салыштырып талдоо.
- кытай жомокторун кыргыз тилине которууда түп нусканын адекваттуулугун сактоо үчүн лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулуктарын табуу.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

- жалпы тил илиминде, кыргыз жана кытай лингвистикасында кытай жомокторунун кыргыз тилине которулушунун алгачкы изилдениши;
- кытай жомокторун кыргыз тилине которууда адекваттуулукка жетүү үчүн лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулуктарынын белгилениши;
- кытай жомокторундагы сөздөрдүн семантикалык структураларын иликтөөсү жана моделдештирүүсү;
- тектеш эмес (кыргыз жана кытай) тилдердеги жомоктордун окшош жана окшош эмес каармандарынын изилдениши;
- кытай жана кыргыз жомоктору аркылуу берилген эки маданияттагы элдин дүйнө таанымындагы өзгөчөлүктөрүнүн белгилениши.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү: изилдөөнүн натыйжаларын кытай тилин жана кытай адабиятын үйрөтүүдөгү практикалык сабактарда, кытай тилинин грамматикасын, стилистикасын, лексикологиясын окутууда негизги жана кошумча материал катары кеңири колдонууга болот.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Кытай тилиндеги жомоктордун кыргыз тилине которулушу кыргыз коомчулугуна кытай элинин маданияты, дүйнө таанымы тууралуу маалымат берет.

2. Кытай жомокторун которуудагы адекваттуулукту сактоодо тектеш эмес тилдердеги каражаттардын формалдык жана семантикалык структуралары түрдүү мүнөзгө ээ.

3. Кытай жомокторун которуу процессинде лингвистикалык каражаттарды берүүдө морфологиялык, лексикалык, синтаксистик жана тексттик деңгээлдеги алмаштыруулар, түрдүү трансформациялар колдонулат.

4. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда экстралингвистикалык релеванттуулуктарын, б.а. маданий, психологиялык, типологиялык, тарыхый, эстетикалык, прагматикалык, социалдык, семиотикалык, когнитивдик релеванттуулуктун ролдору чоң.

5. Кытай тилиндеги жомокторду кыргыз тилине которууда улуттук жана маданий өзгөчөлүктөргө байланышкан өзгөчө тилдик каражаттар бар.

6. Жомокторду которуу көркөм котормодо өзгөчө орунду ээлейт.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Кытай эл жомокторун кыргыз тилине которуудагы теориялык жана практикалык маселелер, эки улуттун жомоктору аркылуу берилген маданиятындагы жана дүйнө таанымындагы өзгөчөлүктөр илимий жактан биринчи жолу изилдөөгө алынып жатат.

Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы. Иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча БМУнун кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын кеңешмелеринде, “Кыргызстанда билим берүү системасынын глобалдашуусу”, “21-кылымда КМШ мамлекеттеринин тилдеринин жана маданияттарынын диалогу”, “Маданияттар аралык диалогдун кепилдиги катары чет элдин маданиятын таануу” конференцияларында изденүүчү тарабынан илимий баяндамалар жасалып, талкууланган.

Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы. Изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз жана кытай тилдеринде кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы өзгөчөлүктөр илимий негизде аныкталды. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын толук чагылдырган КР УАК тарабынан диссертациялардын материалдарын жарыялоо үчүн сунушталган илимий басылмаларда 14 илимий макала, анын ичинен импакт-фактору 0,1ден кем эмес журналдарда 5 илимий макала жарыяланган.

Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү. Иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, бөлүмдөр боюнча корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү – 168 бет.

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Изилдөөнүн негизги мазмуну диссертациялык иште коюлган милдеттердин аткарылыш ырааттуулугуна шайкеш келет. Киришүүдө теманын

актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, изилдөө ыкмалары, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу жоболор, иштин илимий-теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы жөнүндө маалыматтар берилди.

Иштин I бабы **«Кытай жомокторунун изилдениш тарыхы жана илимий-теориялык негиздери»** деп аталат. Анда кытай жомокторунун изилдениш тарыхы жана илимий-теориялык негиздери, тил илиминде кытай жомокторунун иликтениши теориялык жактан терең изилденип, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган.

1.1. Кытай тил илиминде жомоктордун иликтениши жана кытай жомокторунунөнүгүү этаптары. Кытайда жомок байыркы мезгилде эле болгон жана маанилүүлүгүн жоготкон эмес, бирок жомок үйрөнүү, чогултуу иштери XX кылымдын башында 1911-жылдагы Синьхай төңкөрүшүнөн кийин гана башталган. Мындай абалдын болушу ошол мезгилде фольклористиканын илим катары өнүкпөгөндүгү гана эмес заманга жараша Конфуций илимине байланыштуу, ыр саптуу прозанын өнүгүүсү чоң себеп катары белгиленет.

Көптөгөн кытай жомоктору кытайлык фольклористтер тарабынан 1920-1930-жылдары чогултулган жана журналдарда басылып чыккан,мисалы: «Фуню цачжи» («Айымдар журналы»), «Шаонянь цачжи» («Жаштык»), «Миньсу» («Фольклор»). Жомоктордун алгачкы жыйнактарыжарык көргөн, мисалы: Дун Сычжан. Гуанбо учжи (Буюмдардын толук сүрөттөлүшү). – Тайбэй, 1927-ж.; Чжу Юйцзунь. Миньцзянь шэньхуа цюаньцзи (Сыйкырдуу жомоктордун жыйнагы). –Шанхай, 1933-ж.; Лин Лань. Сянсышу (Жалгызсыраган бак). – Шанхай, 1934-ж.

Ал эми кытай жомокторун изилдөө иштери боюнча биринчи болуп 1986-жылы Лю Шоухуандын кытай эл жомокторуна арналган салыштырма изилдөө эмгеги жарыкка чыккан. Бул эмгегинде *салыштырма-типологиялык методу* колдонулуп, ар башка элдердин жомокторунун сюжеттерин салыштырып, бир гана Кытайдын аймагында эмес, башка жерлерде да ишке ашкан. Мисалы, кытай жана жапон жомоктору салыштырылып, «Миң бир түн» жомогуна салыштыруу изилдөө иши жүргүзүлгөн.

Кытай жомокторун котормо иштери боюнча кытай окумуштуу-котормочуларынын арасынан Юан Кэнин (1959, 1965) эмгектери бааланат жана кытай жомокторун изилдеген изденүүчүлөргө жакшы негиз болуп бере алат.

1.2. Кытай жомокторунун Орусияда иликтениши. Орусияда эң биринчи жыйнак толугу менен кытай жомокторуна арналып 1893-жылы чыккан. Ал «Кытай жомоктору» деп аталган. «Сю Лин – кытай төбөлдөрүнүн кызы» аттуу жомок, «Кытай жомоктору» китебинин жыйноочусунун көрсөтмөсү боюнча И.Горбунов-Посадовдун «Жашоо – сүйүүгө кызмат кылуу» китебинен алынып жазылган. Кытай фольклоруна арналган басылмалардын ичинен айырмаланган Г.Н.Потаниндин 1914-жылы жарыкка чыккан «Тибеттик жомоктор жана салттар» китебине басым жасоо керек [93, 390-б]. Бул

жыйнакта өтө бай фольклордук материалдар берилген.

Котормо боюнча баалуу изилдөө катары төмөнкү кытай жомокторунун орус тилине которулуп чыгарылган жыйнактарын белгилеп кетебиз: “Жашыл атчан чабандес”,“Кытай жомоктору, уламыштары, тамсилдери” (котормо С.Е. Кожевниковго таандык. –Новосибирск, 1967); “Кытай элдеринин жомоктору” (М. Черкосованыкы, –М, 1961); “Көзгө көрүнбөс чөп”, “Кытай эл жомогу” (которгон Осипов, –Ленинград, 1961), “Кытай эл жомоктору” (которгон Б.Рифтин, –М, 1996), “Кытай жомоктору” (котормо Б.Рифтинге таандык, – Екатеринбург, 2007), “Кытай жомоктору. Улуттук майрамдардын келип чыгышы” (котормо А. Терещенконуку, – М, 2019).

1.3. Кытай жомокторунун батыш өлкөлөрүндө жана Японияда иликтениши. Бул бөлүктө кытай жомоктору батыш жана япон окумуштуулары тарабынан ар тараптан изилдөөгө алынганы, кытай тилинен түзмө-түз которулгандыгы тууралуу баяндалган. Немис тил илиминде окумуштуулар Э. Айтель (1869), Э.Эркес (1939), В.Эберхард (1942), М.Мюллер (1958), А.Форке (2003); француз тил илиминде Вольтер (1885), А.Масперо (1934), М.Гранэ (1939), англис тил илиминде Н.Б.Деннис (1876), Э.Вернер (1958), С.Берч (1961), Дж.К.Стент (1973), К.Эчлин (1978), Э.Б.Тэйлор (1999), А.Сара (2020); швед тил илиминде Б. Карлгрен (1976),Э. Беленштейн (1996); жапон тил илиминде Ф. Тоёхата (1965), И.Ёсихико (1999), Н.Хиконо (2019) ж.б. окумуштуулар изилдөө иштерин жүргүзүшкөнү илимий адабияттардын негизинде маалымдалган.

Француз синологу М.Гранэнин “Байыркы Кытайдагы бийлер” (1939) аттуу китеби кытай жомокторунун изилдөөсүнө чоң салым кошкон. Гранэ өзүнүн илимий эмгегинде жомоктордун жардамы менен байыркы кытай элинин коомдук турмуш шартын изилдеген. Ал изилдөөсүнүн жыйынтыгында, талдоо жүргүзгөн материалдардан байыркы Кытайдагы тотемизмдин калдыктары жана тотемизмдин ар кандай түшүнүктөрү байкалган деп жазган.

Кытай жомокторундагы “жерге сыйынуу” маселесине тийиштүү аспектилерди Б.Карлгрендин (1976), Э.Б.Тэйлордун (1999), А.Саранын (2020), эмгектеринде изилденген. Тотемизмдин калдыктары, алар менен байланышкан сыйкырчылык жана ырым-жырым иш-аракеттери француз синологу М.Гранэнин (1939) жана немис синологу Э.Эркестин (1939) эмгектеринде кеңири маалымдалат. Кыргыз маданиятында да “жерге сыйынуу”, “тоого сыйынуу”, “ташка сыйынуу” сыяктуу шаманизмдин белгилери кездешет.

Батыш өлкөлөрүндө кытай жомоктору боюнча изилдөө азыркы күндө да актуалдуулугун жоготкон жок.

1.4. Кытай жомокторунун кыргыз тилинде иликтениши. Кыргызстанда 2006-жылы “Кытай-корей жомоктору” аттуу китепти Б.А.Асакеева басып чыгарган. Кайсы тилден кантип которгондугу тууралуу маалыматыбыз жок. Мазмунун карап, китеп он тогуз кытай жомогун жана он тогуз корей элинин жомокторун камтыганын байкадык.

2021-жылы «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фонду кытай эл жомокторунун жыйнагын орус жана кыргыз тилдерине которуп, басып чыгарган. Кытай жомокторун кыргыз тилине А.Жунусова жана Ж.Капаров которушкан. Бул китептер кытай жомокторун кытай тилинен кыргыз тилине түзмө-түз котормодогу эмгек катары бааланат, бирок илимий изилдөөгө тиешеси жокко эсе.

Жомоктор ыр түрүндө да, кара сөз формасында да болору малым. Фольклористика илиминин тажрыйбасына таянып жана өздүк материалдарга жараша кыргыз жомоктору төмөнкүдөй классификацияланган: 1. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор. 2. Кереметтүү жомоктор. 3. Турмуштук жомоктор. Кыргыз жомокторун жыйноодо, жазууда С.Каралаев, С.Орозбаков, К.Баялинов, А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаевдер салым кошкон, кыргыз жомокторун классификациялоодо жана изилдөөдө фольклорист-окумуштуулар К.Мифтаков, М.Богданова, К.Рахматуллин, З.Бектенов, Т.Байжиев, С.Мусаев, Ж.Таштемировдун жасаган эмгектери чоң [6, 88-б].

Ошентип, биринчи бапта кытай жомокторунун өнүгүү тарыхы, аларды которуудагы негизги илимий эмгектер, жомокторду түрдүү өлкөлөрдө кимдер изилдегени жана аларды которууда кайсыл илимий иштер теориялык база, негиз болуп бергени изилденди.

Иштин II бабы «**Кытай жомокторун жана аларды которууну изилдөөнүн методологиясы жана методикасы**» деп аталат. Мында кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методологиясы жана методдору талданып, илимий жыйынтыктар чыгарылган.

Илимий иштин объектиси катары кытай жомокторун кыргыз тилине которуу маселелери эсептелет.

Изилдөөнүн предмети болуп кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы тилдик өзгөчөлүктөр, эквиваленттүүлүк маселелер саналат.

2.1. Кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методологиясы. Бул иште илимий методологиялык негиз катары кытай жана кыргыз жомокторун изилдеген кытай окумуштуусу Юан Кэнин, орус окумуштуусу Б.Л.Рифтиндин, кыргыз окумуштуусу Р.З.Кыдырбаеванын илимий иштери негиз боло алды. Котормо маселесине келгенде З.К.Караеванын экстралингвистикалык релеванттуулуктары жөнүндөгү илимий эмгектерин пайдаландык.

Орус окумуштуулары А.Н. Веселовский (1900), В.Я. Пропп (1967), Е.М. Мелетинский (2000) өздөрүнүн эмгектеринде кытай жомокторун салыштырууларды жүргүзүү үчүн кытай тексттерин пайдаланышкан [50, 78-б.].

Кытай жомокторун изилдөөдө, аларды кыргыз тилине которууда кытай элинин белгилүү фольклористтеринин арасынан Лу Синдин (1923), Гу Цзегандын (1935), Вэн Идонун (1939), Шэн Ян-биндин (1924), Юан Кэнин (2005) илимий эмгектеринен көптөгөн тажрыйбаларды пайдаландык.

2.2. Кытай жомокторун жана алардын котормолорун изилдөөнүн методдору. Кытай жомокторун жана алардын котормосун изилдөөнүн методикасы катары компоненттик, контрастивдик, дескриптивдик, концептуалдык талдоо, лингвопоэтикалык ыкманы колдонуу менен которуудагы тилдин экстралингвистикалык релеванттуулуктары эске алынды.

Кытай жомокторун изилдөөдө *компоненттик талдоо* арбын колдонулду. Сөздүн мааниси анын составдык компоненттерине ажырайт. Мисал катары кытай жана кыргыз жомокторундагы *зымырык куштун образына* талдоо жүргүзүлдү. Зымырык куштун образы түрдүү маданиятта ар кандай берилет да, төмөнкүдөй семантикалык компоненттерди камтыйт: Зымырык куш = зымыр (тез)+учуу+куш= тез учуучу куш жана куштун зымырап тез учушу, б.а., зымырап учуу, мындай талдоо менен сөз айкашынын компоненттерин таба алдык. Зымырык куш башка маданияттарда төмөнкү синонимдерге ээ: *симург, сымырык, бүркүт* сымал куш, кызыл куш, кара куш, түстүү куш, алп кара куш, канаттуулар падышасы, керемет канаттуу ж.б. Зымырык куштун чыгармадагы аткарган функциялары: адамга колдоочу - Маناста; жардамчысы, досу – Эр төштүктө, аял образындагы императордун колдоочусу, символу – кытай жомокторунда, канаттуулардын падышасы, шамал кудайынын кабарчысы, Асман Теңиринин кабарчысы, тотемдик касиетке ээ өзгөчө таажынын ээси, жубайлардын жакшы жашоосун көрсөткөн символу, жакшылыктын символу, тынчтыктын белгиси, жаздын белгиси, күндүн символу катары көрсөтүлгөн.

Кытай Феникси (凤凰 fènghuáng) – кытай жомокторунда керемет куш катары берилген, ал кытай ажыдаарынан айырмаланып, аялдык принципти (阴 ин) камтыган жомоктордун негизги символу катары колдонулат. Байыркы кытай жомокторунда Фэнхуан – 凤凰百鸟之王 bǎi niǎo zhī wáng *“жүз канаттуунун падышасы”* деп эсептелген. Батыш өлкөлөрүндө жана орус адабияттарында да Фэнхуан адатта Феникс кушу катары чечмеленет.

«**Кытай жомокторуна жана алардын котормолоруна лингвопоэтикалык анализ**» деп аталган 3-бапта кытай жомокторуна жана алардын котормолоруна лингвопоэтикалык анализди ыкма катары пайдаланып, лингвистикалык (фонетика-фонологиядан баштап тексттик деңгээлге чейин), стилистикалык, адабий каражаттарды салыштырып изилдеп, алардын моделдерин таап, талдоо жүргүзүп, кыргыз жана кытай эл жомокторундагы салттуу образдары лингвопоэтикалык деңгээлде карап, алар жомоктогу мисалдар менен тастыкталып, жыйынтыктар чыгарылды.

3.1. Кытай жомокторундагы фонетика-фонологиялык каражаттар, жана алардын которулушу. ***Кыргыз тилинин*** фонетикасынын алфавити тамга менен берилсе, ***кытай тилинде*** алфавит жок, кытай жазуусу (иероглифтер) өзгөчө кызыгууну жаратат.

Кытай тилинде төрт тон бар, бир эле муун ар кайсы тондо ар кандай маанини түшүндүрөт. Кытай тилиндеги муундардын саны чектелүү

болгондуктан, омонимия көп кездешет. Мисалы, кытай жомокторун которууда бизге кездешкен “wen” муунун карасак: 温 wēn мууну биринчи тондо берилсе – “жылытуу” деп которулат, 闻 wén мууну экинчи тон менен берилсе – жыттоо, 吻 wěn үчүнчү тондо – “өбүү”, ал эми ушул эле 问 wèn мууну төртүнчү тон менен айтылса – “суроо” деп которулат.

3.2. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы морфологиялык каражаттардын берилиши. Кытай тилинде кыргыз тилинин морфологиясына салыштырмалуу өлчөм сөздөр сөз түркүмдөр системасына кирет. Кытай тилинде модалдык сөздөр жок, бирок модалдык этиштер бар. Ал эми кыргыз тилинде модалдык этиштер жок. Өлчөм сөздөр классификаторлор деп да аталат. Мисалы, кыргыз тилинде: «эки ажыдаар», кытай тилинде сан атоочтон кийин өлчөм сөзү сөзсүз түрдө колдонулат: 两liǎng+条tiáo+龙lóng.

Таблица 3.1 – Өлчөм сөздөр

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
两条龙转动着光芒四射的眼睛冲天而起，腾空而去liǎng tiáo lóng zhuǎndòngzhe guāngmáng sì shè de yǎnjīng chōngtiān ér qǐ, téngkōng ér qù.	Эки алп ажыдаар нурлуу көздөрүн чачып, асманга учуп кетишет [70, 42-б.].
条tiáo - узун нерселер үчүн колдонулган өлчөм сөз	

Кытай тилиндеги зат атоочтордун өзгөчөлүктөрү: Кытай тилинде зат атооч сан боюнча өзгөрүлбөйт, жөндөмөлөр менен жөндөлбөйт, конкреттүү кырдаалда зат атооч канча санда экени контексттеги сан атоочтун же башка сан көрсөтүүчү белгилерден билинет.

Кытай тилинде зат атооч сүйлөм мүчөлөрүнүн ичинен ээнин, бышыктоочтун, аныктоочтун, толуктоочтун милдетин аткарат. Сүйлөмдөгү айтылып жаткан каарман айым же эркек экенин лексикалык каражаттардын жардамы менен түшүндүрүлөт, мисалы:女王nǚwáng “*ханыша”* сөзүндө女 nǚ - “*аял/айым*” деген сөз кошулуп, айтылган сөз аял заты жөнүндө болуп жатканынан кабар берет. Кытай жомокторунда 女nǚ менен берилген образдар арбын кездешет. Мисалы: 女子nǚzǐ -*бөбөк (кыз)*, 仙女xiānnǚ *периште*, 女神 nǚshén *ыйык рух айым, кудай айым*,女娲 nǚwā *демиург айым*, 女鬼nǚguǐ *азезил аял*, 妖神 yāoshén *жин-шайтан аял*. Мисалы, “Нюйва кантип адамдарды жараткан” жомогунан үзүндү:

Таблица 3.2 – 女 nǚ - *аял/айым*

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
不知道在什么时候出现了一个非常美丽、善良的**女神**，她的名字叫女娲 bùzhīdào zàishénme shíhòu chūxiànle yīgè fēicháng měilì, shànliángde **nǚshén,** tāde míngzì jiào Nǚwā.	Күндөрдүн биринде, кайдан-жайдан экени белгисиз, бир аябай сулуу, мээримдүү **периште** пайда болот, анын аты Нюйва экен. [70, 42-б.]

女神nǚshén – периште (ыйык рух айым, кудай айым) N+N=女nǚ+神shén–айым+кудай

Бул кыргыз тилиндеги изафет кубулушуна туура келет, мисалы: Бөбөк кыз = N+N; Азезил+аял = N+N

3.3. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы лексикалык каражаттардын берилиши. Кытай тилинде бир нече морфемаларды бириктирүү ыкмасы менен түзүлгөн сөздөрдүн тобу эң көп. Мындай композиция кытай сөз жасоо тутумунда үстөмдүк абалды ээлейт. Мисалы "Күндү кубалаган Куафу" жомогунан үзүндү алсак: 洛阳所有的**树木**庄稼和房子都被烧成了灰烬，森林也着火了，剩余的人们和动物，**东西**四下流窜，发疯似地寻找可以躲避灾难的地方 **Luòyáng** suǒyǒu de shùmù zhuāngjià hé fángzi dōu bèi shāo chéngle huījìn, sēnlín yě zháohuǒle, shèngyú de rénmen hé dòngwù, **dōngxīsì xià liúcuàn**, fāfēng shì de xúnzhǎo kěyǐ duǒbì zāinàn dì dìfāng - ***Ляонандагы*** *бардык* ***бак-даракта́р,*** *эгиндер, үйлөр өрттөнүп, адамдар жана жаныбарлар табигый кырсыктан кутула турган жерди издеп,* ***ары-бери*** *чуркашты* [70, 18-б.].

Бул сүйлөмдөгү 树木 shùmù сөзү*бак-даракта́р* деп которулат, кыргыз тилиндеги «бак-дарак» деген сөзүндөй эле, кытай тилинде да 树shù бак, 木mù дарак деп которулат. Демек кытай тилиндеги татаал сөз кыргыз тилине да татаал сөз болуп которулган. Бул изоморфтук кубулуш болуп эсептелинет.

Котомодогу "Лоян" сөзү жердин аталышы болгондуктан, транслитерация колдонулуп которулду, сүйлөмдө 四下sìxià жана 流窜liúcuàn экөө тең *ары-бери* деген маанини билдирет, котормодо мааниси жагынан семантикалык кайталоо болбосун үчүн 四下sìxià компоненти *калтырылып* кетилген.

Бул мисалдагы 东西dōngxī сөзү абстрактуу маниге ээ, иш жүзүндө зат атооч, ошондуктан конкреттештирүү жолу менен кийим, нерсе, предмет, чыгыш-батыш ж.б. болуп которулат. Мисалы «大禹» аттуу жомогундагы «当然他不会收下这些<u>东西</u>，但是他感到人民的情意实在太浓太浓，这也倍增了他的决心和信心» dāngrán tā bù huì shōu xià zhèxiē **dōngxī**, dànshì tā gǎndào rénmín de qíngyì shízài tài nóng tài nóng, zhè yě bèizēngle tā de juéxīn hé xìnxīn - "Албетте, ал белек кылган *нерселерди* кабыл ала алган жок, бирок элдин колдоосу өтө күчтүү экендигин сезип, анын чечкиндүүлүгүн жана ишенимин эки эсе арттырды" деп которулат. Бул сүйлөмдө 东西 dōngxī – *нерсе* деп которулду. Кытай тилинде зат атооч сан боюнча өзгөрүлбөйт, ошондуктан кыргыз тилине нерсе+лер болуп, көптүк сандын -*лар* мүчөсү кошулуп которулду. Ал эми «Пангу» жомогундагы « 他的双眼变成了太阳和月亮；他的四肢，变成了大地上的东、西、南、北四极» (Tā de shuāngyǎn biàn chéngle tàiyáng hé yuèliàng; tā de sìzhī, biàn chéngle dà dìshàng de dōng, xī, nán, běi sì jí) сүйлөмү "Анын сол көзү күнгө, оң көзү айга айланат, колдору буттары жердин төрт тарабы - ***чыгыш, батыш***, түштүк жана түндүк уюлдарына айланат" деп которулуп, бул сүйлөмдө 东西dōngxī – чыгыш-

батыш маанисинде берилди [70, 7-б.].

3.4. Кытай жомокторун кыргыз тилине которууда синтаксистик каражаттардын берилиши. Кытай тилинде байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн системасы өнүккөн.

Жөнөкөй сүйлөмдүн эң эле белгилүү, көп тараган «ээ - баяндооч - толуктооч» формасы — кытай сүйлөмүнүн башкы структуралык модели болуп саналат. Кытай тилинде сүйлөм конструкциясынын «ээ - баяндооч -толуктооч» структуралык модель-схемасы сүйлөмдүн бардык коммуникативдик типтерине, анын ичинен суроолуу сүйлөмгө да мүнөздүү. Кытай тилинде грамматикалык каражаттар болуп саналган «жөндөмө», «сан» жокко эсе.

3.5. Кытай жомокторунун котормолоруна стилистикалык анализ. Кытай авторлоруна таандык стилистика боюнча эмгектер көбүнчө кытай тилинин “比喻 biyu” аттуу көркөм каражатынан башталат. Ачык салыштыруу 比喻 деп аталат. Бул кытай тилиндеги эң ири колдонулган троп. Кыргыз тилинин стилистикасында ***салыштыруу*** менен дал келет. Мисалы, “Феникс менен жолборс” жана «Жолборс кызды кантип ала качкан» жомокторунан үзүндү:

1-модель Таблица 3.3 - 如 ru+N=N+дай

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
鼓鼓的眼珠怒放绿光，如铜铃一般 gǔgǔ de yǎn zhūnùfàng lǜguāng, rútóng líng yībān	Жолборстун каардуу көздөрү жашыл түстө жалтылдап жанып **жез коңгуроо сыяктанат** [71,82-б.].
愤怒的老虎眼神凶猛，**犹如教堂的钟声**，嘴里燃烧着火焰 fènnù de lǎohǔ yǎnshén xiōngměng, yóu **rú jiàotáng de zhōng shēng**, zuǐ lǐ rán shāo zháo huǒyàn	Ачуусу келген жолборстун көздөрү **чиркөөнүн коңгуроосундай** каардуу болуп, оозунан өрт жалындайт [71, 22-б.].
如 ru+N – салыштыруу	N+дай - салыштыруу

Кытай тилинде салыштыруу 如 ru салыштырма байламталары менен берилсе, кыргыз тилинде –дай морфемасы менен которулуп берилген.

Бул сүйлөмдөрдүн структурасына көңүл бурсак, мисалдардын баарында 如 ru 像 xiàng, 好像 hǎoxiàng....似的 shì de, 像 xiàng, 一样 yīyàng салыштырма байламталары бар экенин байкайбыз. Мындай сүйлөмдөрдө так ушундай байламталар болгондуктан, бул көркөм салыштыруу ачык салыштыруу деп аталат. Кыргыз тилинде салыштыруу *-дай* морфемасынын жардамы менен жана “сыяктуу”, “окшош” салыштырма байламталары аркылуу берилет.

强喻 qiangyu —күчтүү салыштыруу деп которулат, 比 bǐ, 那 nà, 没有 méiyǒu морфемаларынын жардамы менен түзүлөт. Кытай тилинде 比 bǐ +N, 那 nà+N, 没有 méiyǒu+N болсо, кыргыз тилине N+дан болуп которулат. Мисалы, «Чжан Сюцай жана түлкүнүн руху» жомогунан үзүндү:

2-модель Таблица 3.4 – 比 bi (-дан)=N+дай

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
巧言巧语比**糖甜** qiǎo yán qiǎo yǔ bǐ **tángtián**	Анын сөздөрү **шекердей** таттуу сезилет (Котормо биздики).
比 bi+N	N+дай

Бул сүйлөмдө кытай тилиндеги күчтүү салыштыруу 比 bi (-дан) сөзмө-сөз которулбай, кыргыз тилинде салыштыруунун -дай морфемасы (N+дай) менен берилди. Т.а., кытай тилинде “шекер+ден” деген сөз кыргыз тилине которулганда “шекер+дей” болуп өзгөрүлдү.

“Феникс” жомогунан 没有 meiyou+N салыштырууга мисал келтирсек:

3-модель Таблица 3.5 – 没有 meiyou+N =N+дан

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
石硬**没有**决心硬 shíyìng **méiyǒu** juéxīn yìng	Анын чечкиндүүлүгү таштан да катуу сыяктуу [71,73-б.].
没有 meiyou+N	N+дан

Бул сүйлөмдө да кытай тилиндеги күчтүү салыштыруу 没有 meiyou (-дан)+N, кыргыз тилинде да N+дан болуп күчөтмө сын атооч менен жана “сыяктуу” жандоочу менен которулду.

3.6. Кытай жомокторунун кыргыз тилиндеги котормолоруна адабий анализ. Адабий анализ белгилүү бир чыгарманын темасын, проблемасын, идеясын, стилистикалык каражаттарды, түйүндүү темаларды, сөздөрдү, тарыхый контексти изилдейт жана филологиялык анализдин бир бөлүгү. Адабий анализде негизинен жомоктордун негизги идеясы кандай, ошол идеясы эмнени айткысы келип жатат деген маселе караштырылат. Идеялык маани – чыгарма аркылуу айтыла турган негизги ой. Изилдөө ишибиздин негизинде кытай элинин “Алтын балта жана күмүш балта” аттуу жомогуна адабий талдоо жүргүзүлүп, жомоктун *идеясы “чынчылдык”, “чынчыл”* деп табылды. *“Чынчыл”* сөзү кытай тилинде 诚实 chéngshí деп которулат. Бул сөз жомокто төрт жолу кайталанган. Алар:

Таблица 3.6 – 诚实 chéngshí – *чынчылдык*

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
从前，在一片美丽的森林边上，住着一个<u>诚实</u>善良的樵夫 Cóngqián, zài yīpiàn měilìde sēnlín biān shàng, zhùzhe yīgè **chéngshí** shànliángde qiáo fū	Илгери-илгери кереметтүү токойдун четинде **чынчыл** жана боорукер отунчу жашаган экен. [71, 93-б.]
河神很赞赏樵夫为人<u>诚实</u> hé shén hěn zànshǎng qiáo fū wéirén **chéngshí**	Дарыя кудайы отунчунун **чынчылдыгын** баалайт. [71, 93-б.]
他那贪婪和不<u>诚实</u>的样子遭到了河神的痛恨 tā nà tānlán hé bù **chéngshí** de yàngzi zāo dàole hé shén de tònghèn	Анын **чынчыл** эместигин, намыссыздыгын Дарыя кудайы жек көрөт. [71, 93-б.]

诚实是做人的基本要求 **chéngshí** shì zuòrén de jīběn yāoqiú	**Чынчылдык** - адам болуунун негизги талабы [71, 93-б.]

“Чынчылдык”, “чынчыл” сөздөрү жомокто бир нече жолу кайталанып берилет, О.С.Ахманованын изилдөөлөрүндө мындай кайталануу жомоктун идеясын көрсөтөт деп айтылган [12, 402-б.].

3.7. Кытай жомокторунун кыргыз тилиндеги котормолоруна семиотикалык анализ. Жомоктордогу образдардын бардык мааниси, символу семиотикалык чөйрөнү пайда кылат, касиеттерин анализдеп, жыйынтыгында аныкталган образдын семантикасы анын ядросун түзөт, ошол образ камтыган символду семиотика ачып берет. Ар бир жомоктогу каармандын образы, жасаган иштери, жүрүш-турушунун мүнөзү бизге образдын өзгөчөлүгү, анын маани-маңызы жөнүндө толук элес берет. Ошондуктан жаныбардын образынын семиотикалык берилиши сюжет аралык жана жанрлык деңгээлде болушу керек.

Кытай эл жомокторунда жолборс популярдуу каармандардын бири. Образдын мындай популярдуулугу кокусунан болгон нерсе эмес. Биздин көз карашыбыз боюнча мунун себеби ролдун этнографиялык, улуттук бөтөнчөлүгүндө. Байыркы кытайлардын түшүнүгүндө жолборс – бул уруунун уюткусу деп сыйынышкан, мунун далилин биз кытай тилиндеги жолборс сөзүнөн таба алабыз. Биринчиден, жолборско уруунун уюткусу катары урматтап мамиле кылуу «жолборс» деген сөздүн өзүнөн табылган. Ал 老 лао жана 虎 ху деген эки иероглифтен түзүлүп, «сыйлуу, байыркы, илгерки, түбөлүктүү» жана «жолборс» деп которулат. Кытай тилинде болгону саналуу эле жаныбарларда «лао» морфемасы кездешет, мисалы: карга, айры куйрук жана чычкан. Экинчиден, «жолборс» морфемасы башка сөздөрдүн курамында көп кезигет, мисалы:虎虎 «хуху» (жолборс-жолборс) – *«эрктүү»* деп которулат; 虎步 «ху-бу» (жолборстун кадамы) – *«эрктүү, айбаттуу жүрүш, кадам», «коркунучтуу, күчтүү»* дегенди түшүндүрөт; 虎劲 «хуцзин» (жолборстун көрүнүшү) – *«духу күчтүү, кайраттуу, эркек мүнөз»* деген түшүнүктү берет. Бул мисалдардан кытай элинин бул жырткычка болгон өзгөчө мамилесин көрүүгө болот.

3.8. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуунун ыкмалары. Коомдун өнүгүшүнүн азыркы заманбап этабында, эл аралык мамилелер жана экономика, илим жана маданият чөйрөсүндөгү кызматташтык кеңейүүдө. Аны менен бирге котормонун ролу жана анын сапатына болгон талап кыйла жогорулады.

Бардык котормолордун негизги максаты тексттин семантикалык маалыматын берүү менен бирге анын формалдык структураларын дагы сактоо аркылуу адекваттуу котормого жетүү экендиги белгилүү. Котормодо формалдык жактан адекваттуулукка жетүү максатында ар бир тилдик каражаттарды деңгээлдер боюнча изилдеп, андагы өзгөчөлүктөрдү карап чыгуу шарт. Мындай шартта деңгээлдер арасындагы өз ара карым-катнаштар кеңири көрүнүп калат. Айрым бир кырдаалдарда морфологиялык деңгээлдер

лексикалык же синтаксистик деңгээлдердин каражаттары менен берилип калышы мүмкүн, же тескерисинче лексикалык каражаттар башка деңгээлдеги тилдик каражаттар менен берилүүсү мүмкүн. Ал эми сөздүн, сөз айкашынын маанилерин туура берип, адекваттуулукту сактоо үчүн алардын аналогдорун, синонимдерин, ошол сөздүн же сөз айкашынын семантикалык структурасынын канчалык деңгээлде тектеш эмес тилге туура келерин билүү зарыл.

Котормонун экстралингвистикалык релеванттуулугу. *1.Маданий релеванттуулук*. Кытай жомокторунда кытай элинин маданий өзгөчөлүктөрү арбын сүрөттөлүп берилген. Мисалы, кытай улутуна таандык, кыргыз элинин маданиятына тааныш эмес үйлөнүү үлпөтүндөгү үрп-адаты болуп кызды атайын майрамдык үлпөткө дайындалган, түрдүү гүлдөр менен кооздолгон үйлөнүү замбилине салып көтөрүп келишет. Жигиттин үйүнө кыз адатта үйлөнүү тоюна ылайыкталган кызыл түстөгү улуттук кийимин кийип, замбилге отуруп келет. Кытай элинин мындай маданий өзгөчөлүгүн “Жолборс кантип кызды ала качкан” жана “Ыраазы болгон жолборс” аттуу жомокторунан көрсөк болот:新娘的婚轿 xīnniáng de hūn jiào- үйлөнүү үлпөтүнө атайын даярдалган замбил, ал эми кыргыз маданиятында “замбил” чарбада пайдалануучу курал катары колдонулат.

Таблица 3.7 – 婚轿 hūnjiào-замбил

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
但当新娘的婚轿被抬着经过一座山时，突然一只大老虎跳到了路上Yīgè Dàn dāng **xīnniáng de hūn jiào**bèi táizhe jīngguò yīzuò shān shí, túrán yī zhǐ dà lǎohǔ tiào dàole lùshàng	Сүйгөнүнүн **үйлөнүү замбили** тоонун жанынан өтүп баратканда, кокусунан, көздөрү эки чырактай жанып, оозу чоң ачылган жолборс жолго секирип чыга калат [71,24-б.].
又是一夜，北风呼啸，雪花纷飞，新**娘乘轿子**路过山间Yòu shìyīyè, běifēng hūxiào, xuěhuā fēnfēi, **xīnniángchéngjiàozi** lùguò shānjiān.	Арадан көп өтпөй түндөрдүн биринде түндүктөн соккон шамал ышкырып, лапылдап кар жаап жатканда, адамдар **замбилге** байдын кызын отургузуп, тоонун арасынан өтүп баратышкан болот [71, 49-б.].

2.Тарыхый релеванттуулук. Адатта улуттун өзгөчөлүгүн көрсөткөн тарыхый сөздөр которулуп жаткан тилде эквиваленти жокко эсе болгон реалий сөздөр же лакуна болуп калуусу толук ыктымал. Мындай жагдайда котормонун транслитерация ыкмасын колдонуп, керектүү учурда түшүндүрмө комментарий менен берилет, мисалы «Пангу – аалам жаратуучусу» жомогун кыргыз тилине которууда кытай маданиятында кыргыз тилине так которула албай турган түшүнүктөр бар экени аныкталды. Мисалы, жомоктордун тексттериндеги тарыхый каармандардын ысымдары: 盘古 Pangu – Пангу.

Таблица 3.8 - 盘古 Pangu – Пангу

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
有一天，盘古突然醒了。他见周围一片漆黑 yǒuyītiān, **Pángǔ** túránxǐngle. Tā jiàn zhōuwéi yīpiàn qīhēi	Бир күнү **Пангу** катуу уйкудан ойгонуп, көзгө сайса көрүнгүс караңгылыкка туш болот [70, 5-б.]

Пангу – бул кытай мифологиясындагы аалам жаратуучусу, ал дүйнөдө биринчи жаралган адам, анын аркасынан жер жүзүндө жашоо пайда болгон деп айтылган, ал эми кыргыз маданиятында “Адам ата”, “Обо Эне”, “Бугу Эне” түшүнүктөрү функционалдык жактан туура келет.

3. *Эстетикалык релеванттуулук.* Кытай жомокторунда экспрессивдүүлүктү жогорулатуучу каражат катары ассонанс, аллитерация арбын колдонулат. Кытай жомокторундагы идиомаларда ассонанстын колдонулушуна мисал келтирсек: “Бүркүт пири менен жолборс пири” жомогунан үзүндү:

Таблица 3.9 – Ассонанс = Жөнөкөй сүйлөм

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
一无长物 *yī wú cháng wù* 一家三口给牧主放羊度日, <u>一无长物</u> Yījiā sānkǒu gěi mù zhǔ fàngyáng dù rì,**<u>yī wú cháng wù</u>**	*ашыкча эч нерсе жок* Үй-бүлө жайыт ээсинин койлорун кайтарып, күнүмдүк жашоого жетерлик керектүүлөрүнө гана ээ болуп жан багып келишкен [71, 44-б.]
Ассонанс	Жөнөкөй сүйлөм

Бул мисалда ассонанска мисал катары 无 wú (жок) жана 物 wù (нерсе, объект) морфемалары көрсөтүлгөн. Кыргыз тилине жөнөкөй сүйлөм болуп которулуп, котормонун адекваттуулугу сакталбай калган.

4. Психологиялык релевантуулуктар. Жомоктордо адеп-ахлак, ыйман, өнөр, илим-билим, ар-намыс, таалим-тарбия баарысы камтылган. Мисалы, “Алтын балта жана күмүш балта” аттуу кытай жомогунун *идеясы “чынчылдык”, “чынчыл”* болуп саналат. 诚实是做人的基本要求，企图欺骗他人谋取私利，是不会有好结果的chéngshí shì zuòrén de jīběn yāoqiú, qìtú qīpiàn tārén móuqǔ sīlì, shì bù huì yǒu hǎo jiéguǒ de - *Чынчылдык ар бир адамдын жашоодогу эң негизги талаптарынын бири* [71, 92-б]. Бул жомок окурманга “Ак ниет, чынчыл болсоң, ишиң оңунан жүрүп, ийгилик сени коштойт” деген тарбиялык сезимди тартуулайт.

5. *Когнитивдик релеванттуулук* – которуп жатканда түп нускадагы маалыматтардын арасынан котормочу өзүнө сөзсүз жаңы бир маалыматты алат да, которууга киришет. Мындай маалыматтар концепттер, улуттук реалийлер жана башка улуттун өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн сөздөр боло алат. Мисалы, кытай жомокторунда шабдалы токою күндүн ысыгында адамдарга көлөкө болуп, күндөн сактайт, шабдалынын мөмөсү адамдардын суусунун кандырат, чарчагандарга күч берет, жакшы көргөн адамынын сөөгүн шабдалы дарагынын

түбүнө көмөт, жана да кытай маданиятында сулуу кыз “жүзү шабдалы гүлүндөй” деп сүрөттөлөт. Демек, кытай маданиятында кыргыз маданиятына салыштырмалуу шабдалынын орду бийик турат. Мисалы, “Күндү кубалаган Куа Фу” жомогунан кытай улутунун шабдалыга болгон мамилесин көрө алабыз:

Таблица 3.10 – Кытай маданиятындагы шабдалы

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
木杖落地的地方，顿时生出大片郁郁葱葱的桃林。这片桃林终年茂盛，为往来的过客遮荫，结出的鲜桃，为勤劳的人们解渴，让人们能够消除疲劳，精力充沛地踏上旅程 Mùzhàng luòdì dìdìfāng, dùnshíshēngchūdà piànyùyùcōngcōngde **táolín**. Zhèpiàn táolín zhōngnián màoshèng, wèi wǎng láide guòkè zhēyīn, jiéchūde **xiāntáo**, wèi qín láoderén menjiěkě, ràngrénmen néng gòu xiāo chúpíláo, jīnglìchōng pèidìtàshàng lǚchéng.	Ал колундагы таягын ыргытканда, барпайган **шабдалы токою** пайда болду. Жыл сайын токойдон өтүп бара жаткандарды **күндөн калкалайт**, жаңы бышкан шабдалы **суусундарын кандырат**, **чарчагандарга күч берет** [70, 41-б.].

6. Прагматикалык релеванттуулук. Кытай жомоктору аркылуу берилген улуттук маданиятында ак түс – траурдун символу болуп эсептелинет, кыргыз маданиятында траурдун түсү кара болуп саналат. “Жолборс кантип кызды ала качкан” жомогундагы траурду түшүндүргөн “ак” түстү кыргыз окурманы туура кабыл алуусу үчүн “кара” деп которулуп берилди. Себеби, кыргыз маданиятында ак түс – тазалыктын, аруулуктун, жакшылыктын символу болуп саналат.

7. Семиотикалык релеванттуулук. Кытай жомокторунун маанисин чечмелөөдө, аларды кыргыз тилине которууда семиотикалык релеванттуулукту эске алуу менен котормодогу өзүбүз түшүнбөгөн жактарын табууга жол ачылат. “Жолборс кызды кантип ала качкан” жомогунда адам жана жаныбар бири-бирине карама-каршылык көрсөтөт: уурдалып келген кыз жолборсту алдап, акыры жолборс жан берет, кызга анын сөөктөрү жана териси калат:

Таблица 3.11 – Жолборс-тотем

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
老虎噎死了，女孩得到了他的皮和骨头 lǎohǔyēsǐle, nǚháidédàole tāde píhé gǔtou.	Жолборс муунуп ошол замат жан берет, кызга анын териси жана сөөктөрү калган экен [71, 20-б.].

Кытай маданиятында жолборс тотем катары кабыл алынат. Жомоктордо айтылуу ырымдар боюнча, сыйкырдуу буюмдардын эң байыркы формасы болгон жаныбардын бир бөлүгү же мүчөсү кимдин колунда калса, ошол адам жолборстордун үстүнөн бийлей алган. Кыргыз маданиятында да жолборстун сөөгү, тырмагы, тиши көз тийгенден сактайт деп айтылат.

8. Социалдык релеванттуулук. “Яо Шунга өз тагын бошотуп бергендиги жөнүндө жомогундагы” берилген маалыматка таянып, Кытайдын узак

мөөнөттүү феодалдык тарыхында дайыма император такты өз баласына өткөрүп берери аныкталды. Бирок кытай жомокторундагы эң алгачкы император – Яо такты өзүнүн баласына эмес, жөндөмдүү жана жакшы көрсөткүчтөргө ээ болгон башка адамды такка алып келүүнү туура көргөн. Мындан кытай маданиятындагы илгертеден калыптанган “мекенди сүйүү”, “улутту сактоо” маселесин көрүүгө болот:

Таблица 3.12 – 继任者Jìrèn zhě – Мураскор

Кытай тилинде	Кыргыз тилинде
尧在位70年，感觉到有必要选择继任者。他早就认为自己的儿子丹朱凶顽不可用Yáo zài wèi 70 nián, gǎnjué dào yǒu bìyào xuǎnzé **jìrèn zhě.** Tā zǎo jiù rènwéi zìjǐ de érzi dān zhū xiōng wán bùkě yòng	Яо карып жашы жетимишке карап калганда, өзүнө *мураскор издегиси келген.* Анткени өз уулу Дань Чжу такка отуруп *эл башкарууга татыктуу эмес экендигине* көзү жетип турган [70, 62-б.].

КОРУТУНДУ

Жомоктордун тили – бул улуу тил, ал жөнөкөй жана бай, көп маанилүү, ар бир элдин жан дүйнөсүнө кирүүгө жардам берет. Салттуу жомоктордо колдонулган стереоптик тилдик бирдиктерди изилдөө дүйнө элдеринин, анын ичинен кыргыз жана кытай элинин тилдик сүрөтүн берүүдө маанилүү. Жомоктор элдин көөнөргүс мүлкү, кылымдар бою не деген ак таңдай чечендер, сөзмөр карыялар, жалпы эле эл тарабынан жыйналгандыгы өзүнчө бир кенч. Ал укумдан-тукумга, атадан балага өтүп, улам толукталып, көркөмдөлүп келе берген жана келе бермекчи. Жомоктордун тарбиялык, дидактикалык мааниси жогору.

Илимий ишибиздин корутундусунда изилдөөгө коюлган максаттардын негизинде төмөнкү *жыйынтыктарды* белгилейбиз:

1. Кытай тилинде зат атоочтун санын эсептөөдө алардын ортосунда “өлчөм сөздүн” колдонулушу зарыл болуп эсептелет. Сандардын ар биринен кийин тиешелүү өлчөм сөздөрдү колдонуу керек. Кыргыз тилинде өлчөм сөздөрдүн колдонулушу зарыл эмес. Өлчөм сөздөр көп учурда эсептелбөөчү зат атоочтор менен колдонулат. Мисалы: *бир чака суу, эки кесе кымыз.* Бул эки тилдеги изоморфтук кубулушка кирет. Кытай тилинде кыргыз тилинен айырмаланып эки учурда тең колдонууга тийиш. 五个苹果wǔ gè píngguǒ (беш алма)、一杯茶yībēi chá (бир чыны чай). Эки тилде аналогия түзүү үчүн, этиштик өлчөм сөздү 次ci “жолу”, 边 bian “ирет” деп которсок болот, бул эки тилдеги алломорфтук кубулушка кирет.

2. Кытай жомоктору аркылуу берилген маданиятында 雾wu - туман кайгы менен; 雨юй (жаан) - көз жаш менен; 松树сунушу (карагай) – түбөлүк жаштык

менен; 乌鸦вуя, 暴风баофен (кара карга) - бороон менен, шайтан менен; 癞蛤蟆лай хама (бака)- түрү суук, ач көз киши менен: 天鹅тянье, 百合华байхэхуа, 金鱼цзиньюй, 牡丹华муданьхуа (ак куу, лилия, алтын балык, пион)- сулуу, кичипейил акылдуу кыз менен; 鸳鸯юаньян (өрдөк) же双荷连 шуанхэлянь (лотос гүлү) – назик ынтымактуу, бактылуу үй- бүлө менен салыштырып берилет.

3. Кытай жомокторунда стилистикалык ыкма *паронимдер* арбын кездешет, мисалы: 蝙蝠 бянфу (жарганат) “бактылуу” деген сөз менен үндөшөт, мунун негизинде **“бактылуу”** деген символиканы түшүндүрөт.

4. Эки улуттук маданияттын жомокторундагы башталышынын мотивдери окшош: “Илгери өткөн заманда.”从简有цун цянь йоу,“Илгери - илгери...”在古时候 zài gǔ shíhòu. Кыргыз жана кытай жомокторунун аякташынын формулалары окшош: «Ошентип, Көкүл эне-атасын таап, эли-журту менен жыргап-куунап жатып калышкан экен.» (Ак чүкө менен куу чүкө: 1978, 55), “从此他们过上了幸福的生活Цун цы, та мэнь гуо шан ла синь фу дэ шэн хуо - Ошондон бери, бактылуу өмүр сүрүп жашашкан” (Үлүл кыз: 2019, 107).

5. Кыргыз элдик жомоктордо учуроочу ажыдаардын образы адамды да, айбанды оп тартып соруп коюучу, каарданса оозунан от чыккан канаттуу, зор (кээде көп баштуу) жылан болуп берилет. Ал эми кытай жомокторунда ажыдаар — бейпилдиктин жана акылмандыктын, империялык күчтүн жана бийликтин символу. Ажыдаардын образы мифологиянын чегинен чыгып, бүткүл Кытайдын символуна айланган.

6. Кытай жомокторунда жолборстун образы кайраттуулуктун, урматтоонун символу, адамдын досу, падышанын символу, Ушу стили, траурдун символу (ак жолборс), тотем катары берилет. Кыргыз жомокторунда да жолборстун образы эр жүрөктүүлүктү, тайманбас кайраттуулукту билдирет.

7. 新娘的婚轿xīnniáng de hūn jiào — үйлөнүү үлпөтүнө атайын даярдалган замбил, ал эми кыргыз маданиятында “замбил” чарбада пайдалануучу курал болгондуктан, *маданий релеванттуулукту* эске алуу менен которулат.

8. 盘古Pángǔ - Пангу – бул кытай мифологиясындагы аалам жаратуучусу, ал дүйнөдө биринчи жаралган адам, анын аркасынан жер жүзүндө жашоо пайда болгон деп айтылган, ал эми кыргыз маданиятында “Адам ата”, “Обо Эне”, “Бугу Эне” түшүнүктөрү функционалдык жактан туура келет. “Пангуну” кыргыз тилине которууда *тарыхый релеванттуулукту* эске алуу менен транслитерация ыкмасы колдонулуп, кошумча түшүндүрмө комментарий менен берилет.

9. Кытай жомоктору аркылуу берилген улуттук маданиятында ак түс – траурдун символу болуп эсептелинет, кыргыз маданиятында траурдун түсү кара болуп саналат. Котормонун *прагматикалык релеванттуулугун* эске алуу менен кытай жомокторунда берилген “ак” түс кыргыз окурманы туура кабыл

алуусу үчүн “кара” деп которулуп берилет. Себеби, кыргыз маданиятында ак түсү – тазалыктын, аруулуктун, жакшылыктын символу болуп саналат.

ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. **Мамбеталиева, С. Ч.** Фольклордук чыгармалардагы стилдик каражаттарынын которуу жолдору [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева // Кырг. Эл аралык ун-т. жарчысы. – 2016. – № 2(30). – 21-24-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=27593930.
2. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай жомокторундагы семиотикалык көрүнүштөр жана алардын котормолору [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева // Кырг. Эл аралык ун-т. жарчысы жарчысы. – 2017. – № 1 (31). –2017. – 38-41-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29273989.
3. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай жомокторундагы оң жана терс образдардын лингвистикалык талдоосу [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева // Кырг. Эл аралык ун-т. жарчысы жарчысы. – 2018. – № 4 (37). –2018. – 370-373-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=42443542.
4. **Мамбеталиева, С. Ч.** Сырттан кирген нумеративдик сөздөр [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, А. А. Акыйкатова // Кырг. Респ. УИАнын жарчысы. – 2020. – № 3. – 163-168-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44255775.
5. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай жомокторун кытай тилинен кыргыз тилине которуудагы транслитерациянын колдонулушу [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, А. А. Акыйкатова // Кырг. Респ. УИАнын жарчысы. – 2020. – № 3. – 169-174-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44255776.
6. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай мифологиясындагы метафораларды таанып билүү [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева // Кырг.-Рос. Славян. ун-нин жарчысы. – 2020. – Т. 20, № 10. –100-104-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44348123.
7. **Мамбеталиева, С. Ч.** Батыш илимпозунун көз карашындагы кытай мифологиясы. Эдвард Вернер жана анын “Кытай мифтери жана уламыштары” китеби [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, А. В. Волкотрубова // Кыргыз Респ. Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Кыргыз Респуб. илимий изилдөөлөр» электрондук журн. – 2021. – 2 бөлүм, № 1. – 2021.– 69-79-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://journal.vak.kg/themencode-pdf-viewer-sc/?tnc_pvfw=ZmlsZT1odHRwOi8vam91cm5hbC52YWsua2cvd3AtY29udGVudC91cGxvYWRzLzIwMjEvMDUvU29kZXJ6aGFuaWUtemh1cm5hbGEtTjEtMi1jaC4tMjAyMS1rb252ZXJ0aXJvdmFuLnBkZiZzZXR0aW5ncz0wMDAxMDAwMDAxM

DAwMDAxMDAwJmxhbmc9cnU=#page=&zoom=&pagemode=.

8. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай мифологиясындагы Пангунун семантикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева // Кырг. Эл аралык ун-нин жарчысы. – 2021. – № 2(43). – 247-251-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45768100.

9. **Мамбеталиева, С. Ч.** Ричард III трагедиясына жана кытай жомогу Чан Э жана Хоу Иге адабий талдоо жана алардын котормосу [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, Н. А. Шабданалиев //«Ала-Тоо» эл аралык ун-нин бас. – 2021. – № 3. – 230-239-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46655909.

10. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кыргыз жана кытай тилдериндеги сырдык сөздөрдүн салыштырма мүнөздөмөсү [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, А. Кеңеш к. // Кырг. Эл аралык ун-нин жарчысы. – 2021. – № 3(44). – 78-82-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47195325.

11. **Мамбеталиева, С. Ч.** Фольклор текстерин которуудагы лингвистикалык эквиваленттүүлүктүн ыкмалары [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, Н. А. Шабданалиев // Кырг. Эл аралык ун-нин жарчысы. – 2021. – № 3(44). – 98-102-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47195328.

12. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы морфологиялык каражаттардын колдонушунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, Н. А.Шабданалиев // Н. Исанов атын. Кырг. мамл. курулуш техн. архитектура ун-нин жарчысы. – 2021. – № 2 (72). – 217-222-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46696911.

13. **Мамбеталиева, С. Ч.** Кытай жомокторундагы сырдык сөздөрдүн колдонулушу жана которулушу [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, З. К. Караева // Н. Исанов атын. Кырг. мамл. курулуш техн. архитектура ун-нин жарчысы. – 2021. – № 2 (72). – 2021. – 199-204-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46696908.

14.**Мамбеталиева, С. Ч**. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы лексикалык каражаттардын которулушунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / С. Ч. Мамбеталиева, А. Кенеш к.// Н. Исанов атын. Кырг. мамл. курулуш техн. архитектура ун-нин жарчысы. – 2021. – № 4 (74). – 2021. – 619-624-б. – То же: [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=48073216.

Мамбеталиева Саткын Чолпонкуловнанын “Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы өзгөчөлүктөрү” аттуу 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

РЕЗЮМЕСИ

Түйүндүү сөздөр: эквиваленттүүлүк маселелер, алломорфтук жана изоморфтук кубулуштар, жомоктордун өзгөчөлүгү, кыргыз маданияты, кытай маданияты, экстралингвитикалык релеванттуулук, дүйнө таануу.

Илимий иштин объектиси – кытай жомокторунун кыргыз тилине которуу маселелери.

Изилдөөнүн предмети — кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы тилдик өзгөчөлүктөр, эквиваленттүүлүк маселелери.

Изилдөөнүн максаты – кытай жомокторунун кыргыз тилине которуудагы алломорфтук жана изоморфтук кубулуштарды табуу аркылуу алардагы семантикалык структурасын берген сөздөрдүн которулушун аныктоо.

Изилдөөнүн методдору. Иште коюлган максатты ишке ашырууда изилдөөнүн байкоо, контекстуалдык, компоненттик, контрастивдик, дескриптивдик, концептуалдык анализдөө, салыштырма-тарыхый, типологиялык жана тектештирме, лингвомаданий, стилистикалык, прагматикалык интерпретациялоо **методдору** колдонулду. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуудагы өзгөчөлүктөрүн аныктоодо адекваттуулукту сактоо үчүн котормодогу **лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулуктар** эске алынды.

Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана анын жаңылыгы.

1. Жалпы тил илиминде, кыргыз жана кытай лингвистикасында кытай жомокторунун кыргыз тилине которулушу алгачкы ирет изилденди.
2. Изилдөөдө кытай жомокторунун жана анын котормолорунун лингвистикалык, семантикалык, семиотикалык өзгөчөлүктөрү менен бирге тилдердеги айырмачылыктары жана окшоштуктары, аларды которуудагы кыйынчылыктары көрсөтүлүп, айрым бир тилдик универсалийлер аныкталды.
3. Кытай жомокторун кыргыз тилине которуунун адекваттуулугуна жетишүү үчүн лингвистикалык жана экстралингвистикалык релеванттуулукту белгилөө;
4. Тектеш эмес (кыргыз жана кытай) тилдердеги жомоктордун окшош жана окшош эмес каармандардын изилденди;
5. Кытай жана кыргыз жомоктору аркылуу берилген эки маданияттын элинин дүйнө таанымындагы өзгөчөлүктөрүнүн белгиленди.

Ишти колдонуу чөйрөсү. Диссертациянын материалдарын жогорку окуу жайларында “Кытай адабияты”, “Фонетика”, “Стилистика”, «Кыргыз жана кытай тилиндеринин салыштырма стилистикасы, салыштырма лексикологиясы», «Кыргыз жана кытай тилиндеринин котормо таануу маселелери» деген сыяктуу сабактарды окутууда, ошондой эле кыргыз жана кытай сөздүктөрүн түзүүдө илимий булак катары колдонууга болот.

РЕЗЮМЕ

диссертационного исследования на соискание учёной степени кандидата филологических наук 10.02.20 – сопоставительно-историческое, типологическое и сравнительное языкознание по теме «Особенности перевода китайских сказок на кыргызский язык» Мамбеталиевой Саткын Чолпонкуловны.

Ключевые слова: *задачи эквивалентности, алломорфные и изоморфные явления, особенности сказок, кыргызская культура, китайская культура, экстралингвистическая релевантность, мировоззрение.*

Объектом исследования является перевод китайских сказок на кыргызский язык.

Предметом исследования являются языковые особенности, вопросы эквивалентности при переводе китайских сказок на кыргызский язык.

Цель и задачи исследования. При изучении особенностей кыргызских и китайских сказок определить перевод слов, придающих их смысловую структуру, нахождение лингвистической и экстралингвистической релевантности перевода сказок на кыргызский язык.

Методы исследования. Для достижения поставленной цели в работе были использованы следующие методы исследования: наблюдение; контекстуальный, компонентный, контрастный, описательный, концептуальный анализы; сравнительно-исторический, типологический анализ; прагматическая интерпретация, лингвокультурологические, стилистические методы исследования. Для определения специфики перевода китайских сказок на кыргызский язык была учтена лингвистическая и экстралингвистическая релевантность.

Результаты исследования и его новизна:

1.Первое исследование перевода китайских сказок на кыргызский язык в общем языкознании, в кыргызском и китайском языкознании;

2. Определение в ходе исследования лингвистических, семантических, семиотических особенностей китайских сказок и их переводов, а также различия и сходства языков, трудности их перевода, выявление некоторых языковых универсалий.

3.Установление лингвистической и экстралингвистической релевантности для достижения адекватности перевода китайских сказок на кыргызский язык;

4. Изучение схожих и несхожих персонажей в сказках на не родственных языках (кыргызском и китайском);

5.Определение особенностей мировоззрения народов двух культур, представленные через китайские и кыргызские сказки.

Область применения. Материалы диссертации могут использоваться в преподавании в высших учебных заведениях по таким дисциплинам, как «Китайская литература», «Фонетика», «Стилистика», «Сравнительная стилистика кыргызского и китайского языков, сравнительная лексикология», «Проблемы переводоведения кыргызского и китайского языков», а также может быть использован в качестве научного источника при создании кыргызского и китайского словарей.

RESUME

to the dissertation thesis by Mambetalieva Satkyn Cholponkulovna for obtaining the academic degree of Cand. Sc. (Philology) 10.02.20 – comparative-historical, typological and comparative linguistics titled «Peculiarities of translating Chinese fairy tales into the Kyrgyz language»

Keywords: equivalence problems, allomorphic and isomorphic phenomena, features of fairy tales, Kyrgyz culture, Chinese culture, extralinguistic relevance, worldview.

The object of research is the translation of Chinese fairy tales into the Kyrgyz language.

The subject of research - methods of translating Chinese fairy tales into Kyrgyz. As the main method is considered the tools at different levels: a stylistic, literary, and semiotic analysis of linguopoetic

The purpose of the research paper is to find allomorphic and isomorphic phenomena in the translation of fairy tales into Kyrgyz, to find idea of determine the meaning of the dialect of fairy tales through the characters in fairy tales during the study of the peculiarities of Chinese and Kyrgyz fairy tales.

The methods of the research. To achieve the goal of the research paper the following methods were successfully used: Observation, contextual, component, contrast, descriptive, conceptual analysis, comparative-historical, typological and relative, lingua cultural, stylistic and pragmatic interpretation.

In this translation, the linguistic and extra linguistic relevance were taken into account in determining the specifics of the translation of Chinese fairy tales into the Kyrgyz language.

The results of the study and its novelty.

1. Generally, in language studies the translation of Chinese fairy tales into the Kyrgyz language has been researched for the first time.
2. The research paper identified linguistic, semantic, semiotic features of Chinese fairy tales and their translations, as well as differences and similarities in languages, difficulties in their translation, and identified some linguistic universals.
3. Establishing linguistic and extralinguistic relevance to achieve the adequacy of the translation of Chinese fairy tales into the Kyrgyz language;
4. Similar and dissimilar characters of fairy tales in non-related languages (Kyrgyz and Chinese) were studied
5. Determinating features of the peoples' worldview of the two cultures, presented through Chinese and Kyrgyz fairy tales.

Area of application. The materials of the dissertation are can be taught at Universities in such disciplines as "Chinese literature", "Phonetics", "Stylistics", "Comparative stylistics of Kyrgyz and Chinese languages, comparative lexicology", "The problems of translation studies of Kyrgyz and Chinese languages", as well as can be used as a scientific resource in composing the Kyrgyz and Chinese dictionaries.